# ИШКЕРДИК СУБЪЕКТТИ ТЕКШЕРҮҮ ЖҮРГҮЗҮҮГӨ ТАПШЫРМА

## КАЙСЫ ДОКУМЕНТТИН НЕГИЗИНДЕ ТЕКШЕРҮҮ ЖҮРГҮЗҮЛҮШҮ КЕРЕК?

Кандай гана текшерүү болбосун текшерүү контролдоочу органдын **тескемесинин** (буйругунун, жазуу жүзүндөгү көрсөтмөсүнүн) негизинде жүзөгө ашырылат.

Тескеме (буйрук, жазуу жүзүндөгү көрсөтмө) 2 нускада түзүлөт, ыйгарым укуктуу органдын жетекчиси кол коет жана мөөр менен күбөлөндүрүлөт.

## ТЕСКЕМЕДЕ КАНДАЙ МААЛЫМАТ КӨРСӨТҮЛҮШҮ КЕРЕК?

Тескемеде (буйрукта, жазуу жүзүндөгү көрсөтмөдө) төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

1) текшерүү жүргүзүү жөнүндөгү тескеменин (буйруктун, жазуу жүзүндөгү көрсөтмөнүн) номери жана датасы;
2) контролдоочу органдын аталышы;
3) инспектордун аты-жөнү;
4) ага карата текшерүү жүргүзүлүп жаткан ишкердин аталышы жана дареги же жекече ишкердин аты-жөнү;
5) жүргүзүлгөн текшерүүнүн максаттары жана предмети;

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Swiss Confederation

Swiss Cooperation Office in the Kyrgyz Republic
Кыргыз Республикасындагы Кызматташтык боюнча Швейцариялык Бюро
Швейцарское Бюро по сотрудничеству в Кыргызской Республике

IFC
International Finance Corporation
World Bank Group

**6)** текшерүү жүргүзүүнүн укуктук негиздери;
**7)** текшерүүнүн башталышынын жана аякталышынын датасы.

## ЭГЕРДЕ ИНСПЕКТОР ТЕКШЕРҮҮГӨ ТЕСКЕМЕСИЗ КЕЛСЕ, АНДА ЭМНЕ КЫЛУУ КЕРЕК?

Эгерде инспектордо текшерүү жүргүзүү жөнүндө тескемеси (буйрук, жазуу жүзүндөгү көрсөтмө) болбосо, анда ишкер өзүнүн аймагына же имарат жайына **текшерүүгө киргизбөөгө укуктуу**.

## КИМДЕРГЕ ТЕКШЕРҮҮГӨ УРУКСАТ БЕРИЛЕТ?

Текшерүү жүргүзүүгө тескемеде (буйрукта, жазуу жүзүндөгү көрсөтмөдө) көрсөтүлгөн адамдарга гана жол берилет. Тескемеде көрсөтүлгөн адам  текшерүүгө келген инспектордун маалыматтары менен дал келүүгө тийиш.

## АР КАНДАЙ МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАР ТЕКШЕРҮҮНҮН БИР ЭЛЕ ПРЕДМЕТИ БОЮНЧА ИШКЕРДИКТИН СУБЪЕКТИН ТЕКШЕРҮҮГӨ УКУГУ БАРБЫ?

Текшерүүнүн бир эле предмети боюнча ишкердиктин субъектин ар кандай мамлекеттик органдардын текшерүүсүнө жол берилбейт.

## ТЕКШЕРҮҮ КАЙСЫ УБАКЫТТА ЖҮРГҮЗҮЛҮШҮ КЕРЕК?

Текшерүү ишкердин жумуш убактысында гана жүргүзүлүүгө тийиш.

Кошумча маалыматтарды төмөнкү веб-сайттан тапсаңыз болот:

**www.ifc.org/beekg**

БУДЬ УВЕРЕННЫМ
БУДЬ УСПЕШНЫМ